MANAS Din Bilimleri Araştırmaları Dergisi (MDBD) 2022 Cilt: 01 Sayı: 1
Manas Journal of Religious Sciences (MJRS) 2022 Volume: 01 No: 1

Research Paper / Araştırma Makalesi

# Фарабинин Философиялык Системасында Негизги Баалуулук Катары Бактылуулук Маселеси

Абдирашит БАБАТАЕВ[1], Юсуф ГӨКАЛП[2]

**Аннотация**
Адамзат тарыхында ойчулдар көңүл бурган эң маанилүү маселелердин бири бактылуулук маселеси экендиги талашсыз. Байыркы доорлордон бүгүнкү күнгө чейин бактылуулук темасы ар түрдүү көз караштардын алкагында изилденип жана талкууланып келет. Бактылуулуктун эмне болгондугу, бакыт деген нерсенин чындап бар болуп болбогондугу, эгер бар болсо ага кантип жетүүгө боло тургандыгы, адамдардын эмне үчүн бакытты каалагандыгы ж.б.у.с. суроолор тынымсыз талкууланып, жооп табууга аракет кылынган. Жалпысынан бактылуулук ахлак философиянын алкагында талкууланган, бирок ошол эле учурда психология, саясат, укук сыяктуу тармактарда да талкууланып келген. Ахлак философиясынын агымдарынын көпчүлүгү адамдар эңсеген эң жогорку нерсенин бактылуулук болгондугу тууралуу бир пикирде болгондугуна карабастан, бактылуулукту кайсы тармактарда канчалык деңгээлде ишке ашырууга мүмкүн болгондугу, ошондой эле бактылуулуктун табияты жана адамдын жашоосундагы бакыттын ордун аныктоо маселеси боюнча бири-биринен айырмаланат. Ислам дүйнөсүндө бактылуулук ахлагы тууралуу айтылганда эң биринчи ойго келген ислам философторунун бири катары Фараби эске түшөт. Фараби жазып калтырган эмгектер мамлекеттик башкаруу, саясат, билим, адеп-ахлак, үй-бүлө ж.б. көп темаларды камтыйт. Чындыгында ал жазып калтырган чыгармалар жазылган мезгилге гана эмес, азыркы учурга да жарык чачкан эң маанилүү эмгектер болуп саналат. Фараби бактылуулук маселеси боюнча өзүнөн кийинки ислам философторуна чоң таасир тийгизген. Бул макалада бактылуулук темасын Ислам дүйнөсүнүн эң атактуу ойчулу Фарабинин жазган эмгектеринин алкагында талкуулайбыз жана бактылуулук маселесин анын акыл категориялары менен байланышына токтолобуз.

*Ачкыч сөздөр*: Философия, Фараби, баалуулук, бактылуулук, акыл категориялары.

## Happiness as a Value in Farabi

**Abstract**
Undoubtedly, one of the most important issues that thinkers have focused on in the history of humanity is the issue of happiness. From ancient times to the present, the subject of happiness has been researched and discussed from different perspectives. What happiness is, whether happiness really exists, how it can be obtained if it exists, why people desire happiness, etc. The subjects were constantly discussed, tried to be defined and tried to give a meaning. In general, happiness has been discussed within the framework of moral philosophy, but it has also been examined and evaluated in fields such as psychology, politics and law. In most of the moral philosophy currents, people agree that the last goal they want to achieve is happiness, but they differ in what the nature of happiness is, in which areas it is achieved and to what extent it is realized or realized, and the determination of the place of happiness in human life. When the morality of happiness is mentioned in the Islamic world, one of the first Islamic philosophers that comes to mind is Farabi. The works that Farabi deals with are state administration, politics, education, morality, family, etc. covers many topics. His works are one of the most important works that shed light not only on the period in which they were written, but also on the present. In the understanding of happiness, Farabi had a great influence on the Islamic philosophers and moralists who came after him. In this paper, we will discuss the subject of happiness as a value within the framework of the works written by Farabi, the most famous thinker of the Islamic world, and we will focus on the happiness of the active mind, which is defined as the highest degree that human beings can reach and which has a driving force-power role in achieving happiness of the human mind.

*Key words*: Philosophy, Farabi, Values, Happiness, Mind Concept.

[1] Dr., Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi, Bişkek, Kırgızistan, abdirasit.babataev@manas.edu.kg
[2] Doç. Dr., Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi, Bişkek, Kırgızistan, yusuf.gokalp@manas.edu.kg

## Киришүү

Бактылуулук ар бир адам баласы үчүн бул дүйнөдө жана акырет жашоода жетүүнү көздөгөн эң жогорку максат болуп саналат. Көптөгөн адамдар чындыгында "бактылуулуктун эмне экендигин" талдап тактап отурбай эле, өзүнүн аң-сезиминдеги бактылуулук аныктамасы аркылуу "бактылуу болуунун" жолдорун изилдейт. Мындай жолдорго ээ болгон учурда максатына жеттим деп ойлойт же болбосо мындай жолдорго ээ болбогон учурда бактысыз болом деп чоочулайт. Чындыгында, адамдардын көчүлүк бөлүгү "бактылуулуктун эмне болгондугу" тууралуу ойлонбой туруп эле ушундай ойлорго жетеленет. Биз бул макалада Ислам ойлом тарыхынын эң көрүнүктүү ойчулу Фарабинин бактылуулук түшүнүгүн талдоого алабыз. Фарабинин философиялык системасында бактылуулуктун кандай орун ээлегендигине токтолобуз.

Фараби өзгөчө логика, музыка, саясат, этика ж.б.у.с. илим тармактарында көптөгөн эмгек жазып калтырган. Фарабинин философиялык илимдерге болгон жөндөмү, Ислам дүйнөсүндө "Аль-Муаллим ас-сани" (Экинчи устат)[3] деген наамга татыктуу болуусуна жол ачкан, ал эми анын бактылуулук маселесин изилдөөсү ага Аристотель сыяктуу "Бактылуулук философу"[4] деген аттын берилишин шарттаган. Чындыгында, Фараби илимий жана философиялык дисциплиналардын бардык тармактары боюнча изилдөө жасаган жана алардын баарынын максатынын бир экендигин көрсөтүүгө аракет кылган. Ошол эле учурда ал, философия менен диндин ортосунда шайкештикти камсыздоого белсенген.

Фарабинин философиясында ахлак, эпистемология, саясат жана метафизканын ортосунда өтө тыгыз баланыш бар. Анын этикалык көз-караштарын метафизикалык көз-караштарынан ажыратып кароо мүмкүн эмес.[5] Анын бактылуулук түшүнүгү логика менен башталып метафизика менен аяктаган билүү (маалыматка ээ болуу) жараяны болуп саналат. Анын пикиринде бактылуулук эң жогорку максат.[6] Бирок, бактылуулуктун эмне болгондугу жалгыз гана метафизиканы түптөө менен айкын болот. Жаратуучу (Кудай), бытие жана адам түшүнүктөрү бактылуулуктун маңызын жана ага жетүү жолдорун аныктайт. Фарабинин көз карашы боюнча адам, башка жандыктар сыяктуу Кудайдан эманация аркылуу пайда болгон. Эгерде адам баласы эң жогорку бактылуулукка жетүүнү кааласа "Алгачкы Акылды" максат кылуусу зарыл. Алгачкы акыл адам баласы үчүн сүйүү обьетиси болуп саналат. Фарабинин философиясындагы метафизикалык негизге таянган бактылуулук түшүнүгү өзүнөн кийинки көптөгөн ойчулдарга багыт берген.

Фарабинин көз карашында философиядагы - Эмне кылуу керек? Эмнени биле алабыз? Адам ким? – деген суроолор Бытие (болум) эмне?- деген суроого көз каранды. Бытие (болум) эмне?- деген суроого берилген жооп ошол эле учурда жогорудагы үч суроонун да мазмунун аныктайт.[7] Анын онтологиялык көз карашы ошол эле учурда ахлак, эпистемология жана адам түшүнүктөрүн дагы камтышы зарыл. Анткени, метафизикалык тереңдиги жана негиздемеси болбогон ахлак, эпистемология жана адам түшүнүктөрү ар дайым кемтик болп саналат. Ошондуктан, Фарабинин философиялык изилдөөлөрү этикадан башталып бактылуулуктун эмне болгондугу жана ага кантип

[3] Мехмет Байракдар, Ислам философиясынын негиздери, которгон: Абдирашит Бабатаев, (Бишкек: Мега басмасы, 2018), 242.
[4] Huriye Tevfik Mücahid, Farabi'den Abduh'a Siyasi Düşünce, çev. Vecdi Akyüz, (İstanbul: İz yayıncılık, 1995,) 70.
[5] Mustafa Çağrıcı, İslam Düşüncesinde Ahlak, (İstanbul: Marmara Üniversitesi İlahiyat Fakültesi Vakfı Yayınları, 1989), 73-74.
[6] Farabi, Mutluluğun Kazanılması, çev. Ahmet Arslan, 3. Basım, İstanbul: Türkiye İş Bankası Kültür Yayınları, 2018), 42; Ayrıca bkz. H. H. Bircan, İslam Felsefesinde Mutluluk, (İstanbul: İz yayıncılık, 2001), 56.
[7] Latif Tokat, 'Farabi Felsefesinde Mutluluğun Araştırılması', Dinbilimleri Akademik Araştırma Dergisi, VI/3 (2006), 134.

жетүү керек экендиги тууралуу таанып-билүүнү камтыган метафизикалык системаны куруу менен ишке ашат.

Фараби бактылуулукту изилдеген (издеген) адамдын логика, математика жана табият илимдерин үйрөнгөндөн кийин гана метафизикалык бытиени изилдөөгө аракет кыла тургандыгын жана болумдун эң алгачкы себеби болгон бытиеге жете тургандыгын жана изилдөөчү буларды жасагандан кийин гана эмне кылуу керек?- деген суроого так жооп таба ала тургандыгын баса белгилейт.

Аристотель сыяктуу Фараби дагы адам баласы артынан кубалаган нерсени эмне деп атабайлы, ал нерсенин бактылуулук болгондугун баса белгилейт. Андан соң бактылуулук түшүнүгүн өзүнүн философиялык системасынын чегинде аныктоого аракет кылат. Фараби бактылуулуктун максат болгондугун айткан учурда, анын эмнеге мындай болгондугу жөнүндө кеп кылбайт. Жадагалса, бул нерсени талкуулоого зарылчылык болбогондугун белгилейт.

Бактылуулук ар бир адам эңсеген максат; ага өзүнүн аракети менен жетүүгө талпынган ар бир адам “жеткилең” болгондугунан улам ага умтулат.[8] Себеби, бактылуулук эң жогорку максат,[9] ал нерсенин мындай болгондугун түшүндүрүүгө зарылчылык жок.

Бактылуулук ар дайым, башка нерсе үчүн эмес, дал бактылуулук болгондугу үчүн (турган турпатында) тандалган жана кааланган нерсе. Мындан улам, ал (бактылуулук), “жакшы нерселердин эң көп тандалганы, эң улуусу жана эң жеткилеңи болуп саналат. Ошол эле учурда Фараби бактылуулукту түрдүк, сандык жана сапаттык деп аталган үч өңүттөн бири-биринен жогору тургандыгын баса белгилейт.[10]

Кантип эле адам баласы бактылуулук тууралуу түрдүү көз караштарга ээ болот? Түрдүү бактылуулук түшүнүктөрүнө ээ болуунун эки негизги себеби жөнүндө айтууга болот: 1) Адам ким?- деген суроого берилген жооптун ар түрдүү болгондугу. 2) Адам ким? –деген суроого берилген жооп окшош болгондугуна карабастан, жооп берүүдөгү ыкманын түрдүү болгондугу.

Фарабинин пикиринде, бактылуулук тууралуу ар түрдүү жооптор берилгендигинин себеби белгилүү. Проблемалуу болгон нерсе суроонун жоопторунун ар түрдүү болгондугу эмес, тескерисинче аны айтуудагы өзгөчөлүктө камтылган. Себеби, окшош (бирдей) суроонун ар түрдүү жообу болушу мүмкүн эмес. Эгерде бирдей суроого, ар түрдүү жооптор берилип жаткан болсо, ал нерсенин себеби проблеманы түшүндүрүү жана жооп берүүдө колдонулган метоттордун ар кандай болгондугундан издөө зарыл.

Негизги максат бактылуулук деп айтылат, бирок ошол сөз болуп жаткан бактылуулук кайсыл бактылуулук? Демек, бактылуулуктун эмне болгондугу жана адамдын ким экендигине байланыштуу суроолордун жообун издөөгө болгон аракеттер бизди “билүү жараянына” башкача айтканда эпистемологиялык өңүткө жетелейт. Бактылуулук деген түшүнүктүн маңызы тууралуу түрдүү пикирлердин болгондугуна карабастан, бактылуулуктун эң негизги максат болгондугу айкын чындык. Ошол эле учурда бактылуулуктун өзөгү тууралуу көптөгөн философиялык көз караштардын бар экендиги белгилүү. Мисал катары айта турган болсок: байлык, рахат, кумар, пайда, билим ж.б.у.с. өзгөчөлүктөр аркылуу бактылуулуктун эмне болгондугун түшүндүрүүгө болгон аракеттерди көрүүгө болот. Фарабинин философиялык системасында дал ушул маселе негизги көйгөй болуп саналат.

---

[8] Farabi, İdeal Devletin Yurttaşlarının Görüşlerinin İlkeleri, çev. Ahmet Arslan, (İstanbul: Kültür Bakanlığı Yayınları, 1990), 84.
[9] Necip Taylan, Anahatlarıyla İslam Felsefesi, 3. Baskı, (İstanbul: Ensar Neşriyat, 1991), 187.
[10] Farabi, İdeal Devletin Yurttaşlarının Görüşlerinin İlkeleri, 86.

Фараби ушул жерде бактылуулукту “чыныгы бактылуулук” жана “жасалма бактылуулук” деп экиге ажыратуу менен бир тараптан бактылуулукка жетүүдө ортомчулук милдет аткарган, бирок кээде чыныгы бактылуулук обьектиси катары көрүнгөн нерселер тууралуу кеп кылуу менен адамды бактылуу кылган нерсенин эмне болгондугун аныктоого аракет кылат.[11] Чындыгында, Фарабини метафизикалык система түзүүгө алып барган жараяндын дал ушул изденүү менен башталгандыгын айтууга болот. Ошондуктан, чыныгы бактылуулуктун аныкталуусу акыйкат билимди талап кылат.

Фараби илимдердин жана билимдин теориялык жана практикалык баалуулугу жөнүндө сөз кылат. Алардын биринчиси эпистемологиянын теориялык баалуулугу. Фарабинин көз карашы боюнча билимдин теориялык баалуулугунун эки тарабы бар. Биричиси: адамдын теориялык акыл-дараметин өнүктүрөт жана адамды көбүрөөк ойлонууга түртөт. Ал эми экинчиси: Сократ менен Аристотель айткандай, адамга бакыт тартуулайт. Анткени Фарабинин көз карашы боюнча, билимдин өзү жакшылык болуп саналат. Билим адамга жалгыз дүйнө бактылуулугун эмес, акырет бактылуулугун да тартуулайт. Фарабинин ою боюнча баардык теориялык жакшылыктын булагы - билим. Анткени билимди жакшылыктан ажыратуу мүмкүн эмес.

Жогоруда биз Фарабинин көз карашы боюнча чыныгы бактылуулуктун билим менен байланыштуу болгондугуна токтолдук. Себеби адам бактылуулукту жалгыз жана потенциал түрүндөгү акылын практикада колдоно баштаганда, башкача айтканда, акыл калчай баштаган учурда ээ болот.[12] Адам мустафад акыл (кабылдоочу акыл) даражасына жеткенде жана ал акылдын фа-аль акыл менен байланышкан учурда эң жогорку бактылуулукка жетет. Ошондой эле эң чыныгы билимге да ээ болот. Анткени ал акыл чыныгы билимдин жана бактылуулуктун булагы болуп саналат.[13]

Эпистемологиянын практикалык баалуулугу боюнча Фараби өзүн көз-карашын төмөндөгүдөй түшүндүрүүгө аракет кылат. Анын пикиринде, билим адамдын практикалык акылын өркүндөтөт. Мунун натыйжасында адам көптөгөн искусствонун түрлөрүн жана практикалык иштерди жасоону өздөштүрөт. Практикалык билим адамды “жаратуучу” сапатка ээ кылат. Адамдарды башкаруунун искусствосу болгон саясатты жана экономиканы, аларды тарбиялоо чеберчилиги болгон ахлак жана педагогиканын баарын адам билим аркылуу өздөштүрөт. Жогорудагы илимий тармактардын баары билимдин практикада колдонулуусу болуп саналат. Фарабинин көз карашы боюнча билимдин мындай баалуулуктарына ээ болгон адам чыныгы философ болуп саналат. Ошондуктан Фарабинин көз карашы боюнча, бактылуу мамлекеттин курулуусу жалгыз философтордун башкаруусуна көз каранды. Фараби адамдардан бактылуу болууну, жакшы башкаруучу жана тарбиячы болууну каалагандарга философияны окууну насаат кылат. Анткени философия адамдарга практикалык жана теориялык акылды бирдей бере алган жалгыз илим болуп саналат. Фараби билим даражаларына жана алардын натыйжасында ээ болгон бактылуулук даражаларына карап, адам коомун жана аларды башкаруунун түрлөрүн төмөндөгүдөй төрт топко бөлөт: 1) Изги мамлекет жана анын калкы; 2) Изгиликсиз мамлекет жана анын калкы; 3) Сабатсыз мамлекет жана анын калкы; 4) Караңгы (түркөй) мамлекет жана анын калкы.[14]

Фарабинин көз карашы боюнча изги мамлекет фа-аль (активдүү) акыл аркылуу билимге ээ болгон адамдар башкарган мамлекет. Мындай мамлекеттин тургундары билимдүү адамдар болуп саналат. Саясат бул дүйнө менен тигил дүйнөнү эске алуу менен жүргүзүлөт. Изгиликсиз мамлекет жана анын калкы, бул изги жана караңгы мамлекеттин ортосунда болгон мамлекет болуп саналат. Изгиликсиз мамлекет

[11] Farabi, Mutluluğun Kazanılması, 45.
[12] Mehmet Aydın, ‘Farabi’nin Siyasi Düşüncesinde Sa’adet Kavramı’, Ankara Üniversitesi İlahiyat Fakültesi Dergisi, 25, (1976), 303.
[13] Мехмет Байракдар, Ислам философиясынын негиздери, 257.
[14] Farabi, İdeal Devletin Yurttaşlarının Görüşlerinin İlkeleri, 69-82.

теориялык жактан туура билимге ээ, бирок практикалык тараптан бул туура билимдерге карап эмес, туура эмес билимдерге негизделип башкарылган мамлекет.

Фарабинин көз карашы боюнча сабатсыз мамлекет хайулани жана билкувва акыл даражасындагы адамдар башкарган мамлекет. Мындай мамлекеттеги адамдар жана башкаруучулар кээ бир нерселерди билгендиктерине карабастан, чындыгында сабатсыз болушат. Алар жалгыз гана бул дүйнө менен байланышкан нерселерди билишет. Мындан улам, Фараби сабатсыз мамлекет жана анын калкы өз ичинде бир нече топторго бөлүнөөрүн баяндайт. Ал эми, караңгы (түркөй) мамлекет жана анын калкы жашаган мамлекеттеги адамдар жалгыз инстинкт аркылуу башкарылат. Рационалдык жана диний маалыматы таптакыр жок болгон башкаруучулар башкарган коомчулук болуп эсептелет.[15] Демек, Фарабинин ою боюнча, билимдүүлү менен бактылуулуктун өз ара тыгыз байланышта экендиги, коомдун бактылуу болуусу сабаттуу башкаруучуларга көз-каранды болгондугу талашсыз чындык.

## Жыйынтык

Фарабинин философиясында бактылуулуктун изилдөөдө ахлак, эпистемология, саясат жана метафизиканы чогуу карап талдоо жүргүзүү зарыл экендигин байкоого болот. Канчалык деңгээлде этикалык өңүттөн "бактылуулук эң негизги максат" деген түшүнүк алдынкы планга чыккандыгына карабастан, бактылуулуктун маңызы, метафизикалык системанын түптөлүүсү жана аны менен байланыштуу түрдө адамдын ким болгондугун аныктоо менен белгилүү болот. Ошондуктан, Фарабинин метафизикасын эске албай туруп анын ахлак философиясын түшүндүрүү мүмкүн эмес. Бул жерде көңүл буруучу жагдайлардын бири метафизикага чейин уланган бактылуулукту изилдөө жараянынын кандайча ишке ашкандыгы. Бул жараян ошол эле мезгилде илимдерди өздөштүрүүнүн (окуп-үйрөнүүнүн) маанилүүлүгүн, татаалдыгын жана даражасын (кадыр-баркын) дагы көрсөткөн жараян болуп саналат.

Фарабинин философиялык системасында бактылуулук Жаратуучуну көздөй багыт алуу болуп саналат. Чындыгында, Жаратуучудан келген адам баласы, кайрадан Жаратуучуга жетүүнү эңсеп умтулат.[16] Мындай эңсөө жана умтулуу адам баласын бактылуу кылуучу жалгыз нерсе. Бирок, анын жанында көптөгөн жалган бактылуулуктар бар. Дене азгырыктары, атак-даңк, байлык, бийлик, кадыр-барк, баатырдык ж.б.у.с. нерселер дагы айрым адамдарды бактылуу кылуусу мүмкүн. Фараби мындай бактылуулуктарды жалган бактылуулук деп эсептейт. Сабатсыз мамлекеттин калкы жана башкаруучулары бардык бактылуукту жогоруда сөз болгон нерселерден издеши жана бардык эрежелерди ошол өңүттө иштеп чыгуусу мүмкүн. Бирок, Фарабинин пикири боюнча, мындай коом жана башкаруучулар эч качан чыныгы бактылуулукка ээ болот албайт. Чыныгы бактылуулук ал нерселерде эмес, Жаратуучуга болгон багытта орун алат. Мындай багыт алуу аң-сезимдин өз ордун табуусу болуп саналат.

## Колдонулган булактар


Aydın, Mehmet. 'Farabi'nin Siyasi Düşüncesinde Sa'adet Kavramı'. *Ankara Üniversitesi İlahiyat Fakültesi Dergisi*, 25, (1976): 303.

Bircan, H. H. İslam Felsefesinde Mutluluk. İstanbul: İz yayıncılık, 2001.

Çağrıcı, Mustafa. İslam Düşüncesinde Ahlak. İstanbul: Maramara Üniversitesi İlahiyat Fakültesi Vakfı Yayınları, 1989.

Farabi. *es-Siyaset'ul-Medeniyye*. çev. Mehmet Aydın. Abdulkadir Şener, Rami Ayas, İstanbul: Kültür Bakanlığı Yayınları, 1980.


[15] Farabi, İdeal Devletin Yurttaşlarının Görüşlerinin İlkeleri, 80-82.

[16] Farabi, es-Siyaset'ul-Medeniyye, çev. Mehmet Aydın, Abdulkadir Şener, Rami Ayas, (İstanbul: Kültür Bakanlığı Yayınları, 1980), 40.

Farabi. İdeal Devletin Yurttaşlarının Görüşlerinin İlkeleri. çev. Ahmet Arslan, İstanbul: Kültür Bakanlığı Yayınları, 1990.

Farabi. Mutluluğun Kazanılması. çev. Ahmet Arslan. 3. Basım. İstanbul: Türkiye İş Bankası Kültür Yayınları, 2018

Mücahid, Huriye Tevfik. Farabi'den Abduh'a Siyasi Düşünce. çev. Vecdi Akyüz. İstanbul: İz yayıncılık, 1995.

Taylan, Necip. Anahatlarıyla İslam Felsefesi. 3. Baskı. İstanbul: Ensar Neşriyat, 1991.

Tokat, Latif. 'Farabi Felsefesinde Mutluluğun Araştırılması', Dinbilimleri Akademik Araştırma Dergisi, VI/3 (2006): 134.

Байракдар, Мехмет. Ислам философиясынын негиздери. которгон: Абдирашит Бабатаев. Бишкек: Мега басмасы, 2018.